| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 5-августу №1** — **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 6 айына карата бюджетинин аткарылышынын отчету жөнүндө**

Регламентке ылайык сессияга чейин 5 күн мурун айылдык кеңешинин депутаттарынын үйлөрүнө таркатылып берилген Күмүштак айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 6 айына карата бюджетинин аткарылышынын отчетун угуп, карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кенешинин депутаттарынын IX сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл өкмөт башчысынын 2025-жылдын 6 айынын жыйынтыгына карата жасаган иштери боюнча отчету канааттандырарлык деп белгиленсин.
2. Бул токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөө жагы Күмүштак айылдык кеңешинин II чакырылышындагы депутаттарына калтырылсын.

**Төрага** **Б.Акматов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**<br>**КҮМҮШТАК**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КУМУШТАКСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 5-августу №2** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айылындагы Атай көчөсүнүн жер тилкесин айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алуу жөнүндө**

Боо-Терек айылындагы Атай көчөсүнүн жер тилкесин айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алуу максатында Күмүштак айылдык кеңешинин IX сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл аймагындагы Боо-Терек айылынын Атай көчөсүнүн узуну 1026 метр, туурасы 12 метр жер тилкесине мамлекеттик актысын жасатып, айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алынсын.
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жана тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Ч.Жекшеналы уулуна милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин депутаттарынын жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 5-августу №3** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагындагы ирригациялык тармактарды, үй жана үй жанындагы участкаларды күтүү тартиби жөнүндө Жобону кабыл алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 14-пунктуна ылайык иштелип чыккан "Ирригациялык тармактарды, үй жана үй жанындагы участкаларды күтүү тартиби жөнүндө Жобону" кабыл алуу жөнүндө маселени карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттарынын IX сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ирригациялык тармактарды, үй жана үй жанындагы участкаларды күтүү тартиби жөнүндө Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
   (Тиркеме тиркелет).
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы Ч.Жекшеналы уулуна милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Б.Акматов**

Күмүштак айылдык
кеңешинин
2025-жылдын
5-августундагы
3-токтому менен
бекитилген

# Ирригациялык тармактарды, үй жана үй жанындагы участкаларды күтүү тартиби жөнүндө ЖОБО

## I. Жалпы жоболор

**1.** Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 14-пунктуна ылайык иштелип чыкты жана ирригациялык тармактарды, үй жана үй жанындагы участкаларды күтүү тартибин аныктайт.

**2.** Ушул Жободо төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр пайдаланылат:

**ирригациялык тармактарды, үй жана үй жанындагы участкаларды күтүү** - ирригациялык тармактарды, үй жана үй жанындагы участокторду, алардын айрым элементтерин тиешелүү техникалык, физикалык, эстетикалык абалда кармоо;

**жеке турак үй -** жеке турак жай куруу үчүн бөлүнүп берилген жер участогуна курулган, анын менчик ээлери же пайдалануучулар тарабынан жашоо үчүн пайдаланылуучу белгилүү бир жеке турак имараты;

**үй жанындагы жер участогу (көп батирлүү үйдүн жанындагы жер участогу) -** бак-дарактарды, короо ичиндеги ирригациялык тарамды (магистралдык жана суу берүүчү каналдарды кошпогондо) жана тышкы жарыктандырууну, чарбалык, балдар жана спорт аянтчаларын, катуу турмуш-тиричилик калдыктарын чогултуу үчүн жабдылган аянтчаларды кошуп алганда үйгө жанаша жаткан аймакты өзүнө камтыган участок жана чек аралары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте аныкталган башка участоктор;

**ирригациялык тармактар -** жерди сугарууга, суунун нугун бурууга же агызууга арналган жасалма суу курулмалары.

## II. Жеке курулуштагы ирригациялык тармактарды, үй жана үйдүн жанындагы жер участкаларын күтүү

**3.** Жеке курулуш аймактарындагы турак үйлөрдүн менчик ээлери төмөнкүлөргө милдеттүү:

а) аймакты үзгүлтүксүз тазалап турууга, таза жана иреттүү кармоого;

б) турак үйдүн фасаддарын, короодогу курулуштарды, тосмолорду таза жана иреттүү кармоого, өз убагында аларды оңдоп-түзөө жана сырдоо иштерин жүргүзүүгө;

в) аймактын чөбүн чаап турууга;

г) күндүн караңгы мезгилинде жарыктандыруучу чырактарды жандырууга (бар болсо);

д) бөлүнгөн жана жанаша аймактагы ирригациялык тармактарды тазалоого;

е) адистештирилген уюм менен КТКны ташып чыгарууга келишим түзүүгө, контейнердик аянтчаларга орнотулган контейнерлерге КТКны чогултууга;

ё) саркынды жана фекалдык суулардын кошулуп кетишине (аралашуусуна) жол бербөө үчүн жаан сууларын жабдуу жана күтүү;

ж) турак үйдө номурдук белги болушу керек жана аны тыкан абалда кармоого;

з) жанаша аймактан тазаланган карды жеке курулуштун аймагындагы квартал ичиндеги жолдор жана турак үйлөрдүн кире бериштери боюнча транспорттун өтүшүн, инженердик

коммуникацияларга жана алардагы курулмаларга жетүүнү, жөө адамдардын өтүшүн жана тигилген бак-дарактардын коопсуздугун камсыз кылуу менен чогултууга;

и) жанаша аймакка отун, топурак, кум жана башка материалдарды түшүрүүдө жеткирилген материалдарды жеткирилген күндөн тартып 2 жуманын аралыгында жанаша аймактан алууга.

**4.** Жеке үй ээликтеринин аймагында катуу тиричилик калдыктарын жана ири көлөмдөгү таштандыларды баштыктарда же контейнерлерде ушул максатта атайын жабдылган жайларда убактылуу сактоого жол берилет.

**5.** Үйлөрдүн менчик ээлеринин, кожоюндарынын, пайдалануучуларынын ортосундагы келишимдин негизинде ири көлөмдөгү таштандыларды, катуу тиричилик жана башка калдыктарды жамааттык чогултууну жана ташып чыгарууну камсыз кылуу максатында калдыктарды жана таштандыларды чогултуу үчүн контейнерлерди жайгаштыруу үчүн жалпы контейнердик аянтчалар жабдылышы мүмкүн.

**6.** Жеке үй ээликтеринин жер участокторунун тосмолорунда көзгө көрүнгөн бузулуулар, булгануулар, жазуулар, мыйзамсыз көрүнөө маалыматтар болбошу керек. Жер участокторунун менчик ээлери, пайдалануучулары же ижарачылары тосмолорду өз каражаттарынын эсебинен оңдоп-түзөөгө жана калыбына келтирүүгө милдеттүү.

**7.** Жеке курулуш аймактарында төмөнкүлөргө тыюу салынат:

а) таштандыларды башкаруу схемасында каралбаган жерлерге чыгарууга;

б) ирригациялык тармактарды, жаан суусунун канализациясын, үйдүн чатырындагы жана дубалдарындагы жаандын суусу агуучу тутумдарды, дренаждык арыктарды толтурууга жана булгоого;

в) турак үйдүн менчик ээсине бөлүнгөн аймактан тышкаркы жерлерди өз алдынча жеке чарбалык жана башка муктаждыктар, анын ичинде таштандыларды, күйүүчү материалдарды, жер семирткичтерди топтоо, курулуштарды, улап салынган курулуштарды, гараждарды, жертөлөлөрдү куруу үчүн пайдаланууга;

г) жалпы пайдалануудагы аймактарга жана автомобиль жолдоруна жөө адамдардын, автотранспорттун, анын ичинде тез жардам, өрт өчүрүү, кырсыктан куткаруу кызматтарынын унааларын, таштандыларды ташып чыгаруу боюнча адистештирилген техниканын кыймылына тоскоол болгон объектилерди (шлагбаумдарды, ылдамдыкты азайтуучу тосмолорду кошкондо) өз алдынча орнотууга;

д) квартал ичиндеги жеке курулуш аймагындагы жолдорго атайын транспорттун жана тазалоочу техниканын жетишин кыйындаткан же тоскоол болгон тосмолорду орнотууга;

е) көлмөлөрдү, суу кудуктарын булгоого, суу чорголорун пайдалануу эрежелерин бузууга;

ё) кошуна аймактарды суу каптоого жол бербөө үчүн жеке турак үйлөрдү куруу үчүн жана жанаша аймактагы аянттарды кайра толтуруу аркылуу рельефтин деңгээлин өзгөртүүгө;

ж) бөлүнгөн аймактын чегинен тышкары тосмо орнотууга;

з) бөлүнгөн жана жанаша аймактарда жалбырактарды, калдыктардын түрлөрүн өрттөөгө;

и) бөлүнгөн аймактан тышкары транспорт каражаттарын жууга.

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 5-августу №4** **Боо-Терек айылы**

**Айыл өкмөтүнүн башчысына “Мамлекеттик лизинг компаниясы” аркылуу автотранспорт алуу жөнүндө**

Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөтүнө “Мамлекеттик лизинг компаниясы” тарабынан лизингке кызматтык автоунаа “Шевролет-треккер” лизинг аркылуу алуу жөнүндө айыл өкмөт башчысы Ч.Жекшеналы уулунун сунушун угуп, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин IX сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөтүнө “Мамлекеттик лизинг компаниясы” тарабынан лизингке кызматтык автоунаа “Шевролет-треккер” алынсын.
2. Алынган автоунааны лизингтин бүткүл мезгилине камсыздандыруусу жана лизингке алынган техниканын өз эсебинен башка чыгашалардын акча каражаты каралсын.
3. Кызматтык автоунаанын төлөмдөрү 5 жыл аралыгында төлөө жагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык айыл өкмөтүнүн бюджетинен төлөнүп берилсин.
4. “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому менен лизинг келишимине жана келишимден келип чыгуучу башка документтерге кол коюу укугу айыл өкмөтүнүн башчысы Ч.Жекшеналы уулуна жүктөлсүн.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 5-августу №5** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл өкмөтүнүн карамагындагы суу сордуруучу насосторду жана трансформаторлорду Талас облустук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги № 207 “Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү жөнүндө” токтомунун негизинде жана Күмүштак айыл өкмөтүнүн карамагындагы төрт сугат суу сордуруучу насосторду жана трансформаторлорду баланстан баланска Талас облустук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө айыл өкмөт башчысы Ч.Жекшеналы уулунун сунушун угуп, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин IX сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл өкмөтүнүн карамагындагы төмөндөгү сугат суу сордуруучу насостор жана трансформаторлор Талас облустук суу чарба башкармалыгына өткөрүлүп берилсин:
   - Боо-Терек айылындагы “Көтөрмө” массивинин сугат суу сордуруучу насосу;
   - Боо-Терек айылындагы “Жал” массивинин сугат суу сордуруучу насосу;
   - Кыргызстан айылынын Ж.Айтпаев көчөсүнүн күн чыгыш тарабындагы БТК каналында жайгашкан сугат суу сордуруучу насосу;
   - Кыргызстан айылындагы Ынтымак көчөсүнүн күн батыш тарабындагы сугат суу сордуруучу насосу.
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Ч.Жекшеналы уулуна жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
КҮМҮШТАК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУМУШТАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 5-августу №6** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагынын Кыргызстан айылындагы “Мекенчил” бала бакчасынын атын өзгөртүү жөнүндө**

Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө Мыйзамынын 19-беренесин жетекчиликке алып, Кыргызстан айылындагы “Мекенчил” бала бакчасынын атын өзгөртүп Баткен согушуна катышып, курман болгондон кийин Ата-Мекен Баатыры наамын алган Жаңыбай уулу Тилектин ысымын коюу керектигин карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттарынын IX сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл аймагынын Кыргызстан айылындагы “Мекенчил” бала бакчасынын аты Баткен согушуна катышып курман болгон Ата-Мекен Баатыры “Жаңыбай уулу Тилек” атындагы бала бакчасы деп өзгөртүлсүн.
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы Ч.Жекшеналы уулуна милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 5-августу №7** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагындагы ички сугат каналдарын Талас облустук суу чарба башкармалыгынын карамагына өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги № 207 “Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү жөнүндө” токтомунун негизинде жана Күмүштак айыл аймагындагы ички сугат каналдарын балансдан балансака Талас облустук суу чарба башкармалыгынын карамагына өткөрүп берүү жөнүндө айыл өкмөт башчысы Ч.Жекшеналы уулунун сунушун угуп, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин IX сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл аймагындагы төмөндөгү:

- Көл-Түкөк каналынан 15 км.;
- БТК каналынан 7 км.;
- Бош-Моюн каналынан 10 км. 200 м.;
- Жики каналынан 14 км.;

Жалпысынан 46 км. 200 м. узундуктагы ички сугат каналдары Талас облустук суу чарба башкармалыгынын карамагына өткөрүлүп берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Ч.Жекшеналы уулуна жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**